| | | | |
|---|---|---|---|
| | | – Мектептин өнүктүрүү стратегиясын жана окуу-тарбия процессинин системалуулугун камсыздоо<br>– Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу менен билим денгээлин көтөрүү.<br>– Жаш мугалимдер үчүн шыктандыруучу чөйрө түзүү менен алардын жоопкерчилигин арттыруу.<br>– Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо<br>– Техникалык каражаттарды пайдалануу менен окуу-тарбия процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу .<br>– Билим берүүнү санариптештирүү программасын ишке ашыруу.<br>– Өнөктөштөр, ата-энелер, коомчулук менен иш алып барууну жакшыртуу.<br>Миссияда ошондой эле максаттар жана күтүлүүчү натыйжалар аныкталган.<br>Мектептин 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш планы 2021-жылдын сентябрь айында өткөрүлгөн № 1 педагогикалык кеңешмесинде бекитилген. Ошондой эле директор алдындагы жана педагогикалык кеңешмелердин, окуу бөлүмүнүн башчысынын, класстан тышкаркы иштердин, окуучулардын социалдык маселелерин чечүүдөгү социалдык педагогдун, усулдук бирикмелердин, ички көзөмөлдүн, секция жетекчилеринин, Манас жаштар уюмунун, кыздар жана балдар кеңештеринин, насаатчылыктын иш планы, ата- энелер комитетинин иш пландары бекитилип, аткарууга алынган. Ата-энелер арасында алардын кызыгууларын жана күтүүлөрүн аныктоо максатында тынымсыз сурамжылоолор, жекече жолугуушулар, конференциялар, ата-энелерге зыярат кылуу сыяктуу иштер аткарылат. | |
| 1.3 | Билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу жана жооптуу | Мектепте билим сапатын камсыздоо ишмердүүлүгүн мектепте түзүлгөн мектеп директору жетектеген Педагогикалык Кенеш, окуу бөлүмүнүн башчысы жетектеген Усулдук Кенеш, Усулдук Бирикменин жетекчилери | Билим берүүнү өнүктүрүү концепциялары, педагогикалык кеңештин |